**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети**

**Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун Окумуштуулар Кеңешинде талкууланып, бекитүүгө сунушталды, протокол №__11__ 26.06.2023-ж.**

**БЕКИТЕМ Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун ректору, профессор ________ К.Ж.Усенов __26__ __06__ 2023-ж.**

# Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети «Билим берүү программасынын жетекчиси жөнүндө» жобо

Жалал-Абад, 2023

**Жалпы жоболор**

1.1. Жобо Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинде (мындан ары – ЖАМУ, Университет) ишке ашырылып жаткан негизги билим берүү программаларынын жетекчилерин (мындан ары – ББП жетекчиси) дайындоо тартибин, квалификациялык талаптарын, жоопкерчилик чөйрөсүн, укуктарын жана функционалдык милдеттерин аныктайт.

1.2. Билим берүү программасынын жетекчиси өзүнүн ишмердүүлүгүндө төмөнкүлөрдү жетекчиликке алат:

- Кыргыз Республикасынын 2003- жылдагы «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамы;
- Даярдоо багыттары/адистиктер боюнча мамлекеттик билим берүү стандарттары;
- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин ченемдик укуктук документтери;
- Университеттин уставы жана университеттин ички ченемдик актылары.

1.3. Негизги окуу программасынын жетекчиси- бакалавриат, магистратура адистиктин биринде иштелип чыккан негизги билим берүү программасынын жетекчиси билим берүү программаларын иштеп чыгуу, ишке ашыруу жана өркүндөтүү (иштеп чыгуу) боюнча иш- чараларды уюштуруу үчүн жооптуу адам болуп саналат.

Профилдик багыттар менен бакалавриат программасын ишке ашырууда, Сапат боюнча кеңештин чечими боюнча түзүмдүк бөлүмдүн жетекчиси декан, директор билимдин жана ишмердүүлүктүн конкреттүү багыттарына багытталган билим берүү программасынын бөлүгүн иштеп чыгуу үчүн жооптуу профилдик координатордун милдетин аткара алат.

Магистратуранын НББПнын жетекчилигин адистештирилген магистратуранын жетекчиси ишке ашырат.

1.4. Билим берүү программасынын жана адистештирилген магистратуранын жетекчиси окуу иштери боюнча проректордун сунушу боюнча ректордун буйругунун негизинде дайындалат.

Бир багытты ар кандай түзүмдүк бөлүмдөр ишке ашырган учурда жетекчини дайындоо маселеси университеттин Окумуштуулар кеңешинин кароосуна коюлат.

1.5. Бакалавриаттын жана адистиктин негизги билим берүү программасынын жетекчиси ушул билим берүү программасын ишке ашырууга катышкан түзүмдүк бөлүмдүн илимий даражасы жана илимий наамы, илимий-педагогикалык, уюштуруучулук-усулдук жана илимий долбоорлорго катышуу тажрыйбасы бар илимий-педагогикалык кызматкерлеринин ичинен дайындалат.

Адистештирилген магистратуранын жетекчиси түзүмдүк бөлүмдүн педагогикалык кызматкерлери илимдин доктору илимий даражасы же профессор илимий наамы же чет өлкөдө ыйгарылган илимий даражасы бар, ыйгарылган документтери таануунун жана эквиваленттүүлүгүн белгилөөнүн белгиленген тартибинен өткөн, жогорку окуу жайда үч жылдан кем эмес эмгек стажы бар, илимий долбоорлорго үзгүлтүксүз катышкан, магистратуранын темалары боюнча илимий жана окуу басылмаларын чыгарган илимий-педагогикалык кызматкерлердин ичинен дайындалат.

1.6. Билим берүү программасынын жетекчиси, эреже катары, бакалавриаттын, адистиктин жана магистратуранын бир гана багытын жетектейт.

Негизги билим берүү программасынын жетекчиси бир эле учурда бир гана адистештирилген магистрдик программанын жетекчиси болуп иштей алат.

1.7. ББПнын жетекчиси түзүмдүк бөлүмдүн жетекчилерине түздөн-түз баш ийет.

1.8. Түзүмдүк бөлүмдүн администрациясы даярдоо багытынын жетекчисин ага жүктелгөн милдеттерди аткаруу үчүн бардык зарыл болгон материалдык-техникалык каражаттар менен камсыздайт.

## II. Максаттары жана милдеттери

2.1. Билим берүү программасынын жетекчисинин негизги максаты – негизги билим берүү программасын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу боюнча иш- чараларды уюштуруу, бүтүрүүчүлөрдүн фундаменталдык жана кесиптик даярдыгынын сапатын камсыз кылуу жана көзөмөлдөө болуп саналат.

2.2. Алдыга коюлган максаттарга жетишүү үчүн ББП жетекчиси профилдик кафедра башчысы жана түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилери менен биргелешип төмөндөгү маселелерди чече алат:

- негизги билим берүү программасын иштеп чыгуу жана анын окуу-усулдук жактан камсыздалышын кординациялоо;
- программанын мазмунунун мамлекеттик билим берүү стандарттарына шайкеш келишин камсыздоо;
- жаңыдан ачууга пландаштырылган программалар боюнча адистерге болгон муктаждыкты жана эмгек рыногунда окшош программалардын бүтүрүүчүлөрүнүн атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү изилдөө;
- программанын жана анын жагымдуу образын түзүүгө багытталган иш- чараларды уюштуруу билим берүү кызматтары рыногунда жылдыруу,
- программаны ишке ашыруунун шарттарын жана штаттык санын аныктоого катышуу;
- билим берүү программасынын даярдоо сапатын көзөмөлдөө максатында жылдык өзүн-өзү баалоо отчетун уюштуруу;
- жетекчиликке алынган билим берүү программасы боюнча студенттерди даярдоонун сапатын камсыз кылуу.

## III. Негизги билим берүү программасынын жетекчисинин укуктары жана милдеттери

НББПнын башчысы:

3.1. Программаны иштеп чыгуучулардын жамааты университеттин профессордук-окутуучулук курамынын ичиндеги квалификациялуу адис-практиктерден жана башка кызыкдар тараптардан (иш берүүчүлөр, бүтүрүүчүлөр, студенттер, аспиранттар ж.б.) түзөт. Түзүмдүк бөлүмдүн жетекчисинин буйругу менен жамааттын курамы бекитилет.

3.2. Тиешелүү билим берүү программасына ылайык компетенттүүлүккө негизделген «бүтүрүүчүнүн модели» түзүлөт.

3.3. Программанын мазмунун жана структурасын иштеп чыгуу боюнча иш-чараларды уюштурат жана башкарат.

3.4. Белгиленген мөөнөттө окуу процессинин графигин жана багыт (адистик) боюнча окуу планын иштеп чыгат.

Билим берүү программасынын окуу-усулдук камсыздоосун түзүүгө жана өнүктүрүүгө, бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын камсыз кылуучу баалоо каражаттарын жана башка материалдардын фонддорун түзүүгө жетекчилик кылат.

3.5. Студенттердин практикасын өткөрүүчү базаларды аныктайт, аларды кафедра башчылары менен макулдашат жана иш берүүчүлөр менен келишим түзүү үчүн бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусуна көмөк көрсөтүү боюнча практика бөлүмүнө берет.

3.6. Негизги билим берүү программасын бекитүү же жаңылоо үчүн документтердин топтомун университеттин Окумуштуулар кеңешине сунуштайт.

3.7. Билим берүү багыттары жана адистиктер боюнча кабыл алуунун алкагында цифралык бөлүштүрүүнү текшерүү жана конкурска катышуу үчүн арыз даярдоого сунуштарды киргизет.

3.8. Билим берүү программасына кабыл алууну камсыз кылуу үчүн абитуриенттер менен кесипке багыт берүү иштерин уюштурат, кабыл алуу кампаниясына, ачык эшик күндөрүнө жана башка иш чараларга катышат.

3.9. Факультеттин (институттун) жумушчу тобу менен бирдикте билим берүү программасын мамлекеттик аккредитациядан өткөрүүгө даярдоону камсыздайт.

3.10. Бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусуна көмөктөшүүнү, эмгек рыногунда бүтүрүүчүлөргө болгон суроо-талапка мониторинг жүргүзүүнү практика бөлүмү менен биргеликте ишке ашырат.

3.11. Программаны ишке ашыруунун максаттарын жана илимий изилдөөлөрдүн натыйжаларын практикалык колдонуу мүмкүнчүлүгүнө байланыштуу актуалдуулугу боюнча бүтүрүү квалификациялык иштердин темаларын бекитүү жөнүндө буйруктун долбоорун даярдоого катышат.

3.12. Билим берүү программасынын мазмунун оңдоого жана адистерди даярдоонун сапатын жогорулатуу максатында Мамлекеттик комиссиялардын төрагаларынын отчетторун, иш берүүчүлөрдүн, бүтүрүүчүлөрдүн пикирлерин талдайт.

3.13. ЖАМУнун расмий сайтында билим берүү программасы жөнүндө маалыматтардын жайгаштырылышын көзөмөлдөйт, анын ичинде:

- негизги билим берүү программасынын аннотациялары;
- программада каралган окуу дисциплиналарынын, модулдарынын, практикаларынын тизмеси;
- программанын алкагында окутууну камсыз кылуучу илимий-педагогикалык жана практикалык кызматкерлердин кадрдык курамы;
- программаны материалдык-техникалык жактан камсыз болушу.

3.14. Билим берүү программасынын жетекчиси түзүмдүк бөлүмдүн сапат боюнча кеңешине ар бир окуу жылынын аягында кадрларды даярдоо чөйрөсүндө билим берүү программасын ишке ашыруунун жүрүшү жөнүндө отчет берет.

Сапат боюнча кеңеш тарабынан бекитилген ББП отчету Окумуштуулар кеңешинин кароосуна жана бекитүүсүнө сунушталат.

3.15. НББПнын башчысы коюлган маселелерди чечүүдө жана ага жүктөлгөн милдеттерди аткарууда төмөнкүлөргө укуктуу:

3.15.1. Университеттин бардык түзүмдүк бөлүмдөрү менен кызматташууну камсыз кылат жана өз ишмердүүлүгүн жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон маалыматтарды алат.

3.15.2. Көзөмөлдөгөн билим берүү багыты боюнча студенттер үчүн окутууну камсыз кылуучу кадрлар жөнүндө сунуштарды киргизет.

3.15.3. Билим берүү багытын ишке ашырууга катышкан кафедранын, ошондой эле түзүмдүк бөлүмдөрдүн сапат кеңешинин кароосуна, билим берүү ишин жакшыртуу боюнча сунуштарды киргизүүгө.

3.15.4. Берилген билим берүү программасынын алкагында окуу дисциплиналарын окутуунун сапатына жана алардын мазмунунун бекитилген жумушчу окуу программасына ылайык келишине көзөмөл жүргүзүү.

3.15.5. Өзүнүн милдеттерине кирген маселелер боюнча жыйындарды, жолугушууларды, консультацияларды уюштурууну ишке ашыруу.

3.16. Билим берүү программасынын жетекчиси өзүнө жүктөлгөн бардык функцияларды өз убагында жана талаптагыдай аткарууга милдеттүү.

Түзгөн: А.П.Алибаев